ОшМУнун МФТИТ институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын

№6 чогулушунун протоколунан

К Ө Ч Ү Р М Ө

*2025.30.09*

*Ош шаары*

*Төрага - Жолдошов Т.М.*

*Катчы – Мамадиярова А.А.*

*Катышкандар: кафедранын мүчөлөрү(тизме тиркелет).*

**К Ү Н Т А Р Т И Б И:**

**4. АР ТҮРДҮҮ МАСЕЛЕ**

4.1. КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру А. Р. Раимбердиева тарабынан өткөрүлгөн ачык лабораториялык сабактын жыйынтыгы жөнүндө.

**УГУЛДУ:**

Т.М. Жолдошов – тех.и.к., доцент, КМИГД кафедрасынын башчысы маалымдама жасады.

2025-жылдын 24-сентябрында 510200 - «Колдонмо математика жана информатика» адистигинин КМИ-1-24 тайпасына КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру Раимбердиева А. тарабынан «Интернет-технологиялар жана Web-тиркемелерди долбоорлоо» дисциплинасы боюнча «Интерактивдүү элементтер менен иштөө (анимация, кнопкалар, формалар)» темасында ачык лабораториялык сабак өткөрүлгөндүгү белгиленди.

**Сабактын билим берүүчүлүк максаты:**

– Студенттерге Wix платформасында интерактивдүү элементтерди кошууну үйрөтүү, кнопка, форма жана анимация аркылуу веб-сайттын функционалдуулугун жогорулатуу.

Сабакта студенттер Wix платформасында сайт түзүүдө колдонулуучу интерактивдүү элементтер менен иштөөнү практика жүзүндө үйрөнүштү. Сабак уюштуруучулук бөлүктөн башталып, студенттерге лабораториялык тапшырмалар түшүндүрүлүп берилди.

**Лабораториялык сабак төмөнкү план боюнча жүргүзүлдү:**

1. Wix платформасында интерактивдүү элементтерди кошуу;
2. Сайтты ыңгайлаштыруу;
3. Интерактивдүү элементтерди иштетүү.

Сабакта ноутбуктар, Eiboard интерактивдүү доскасы, презентация жана лабораториялык тапшырмалар колдонулду. Окутууда компьютердик жана информациялык технологиялар, оюн технологиялары, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү жана өз алдынча иштөө методдору пайдаланылды.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

1. КМИГД кафедрасынын улук окутуучусу Г. Шамшиева сөз сүйлөдү:

Сабактын методикалык деңгээли жогору экендигин белгиледи. Теория менен практиканын айкалышы натыйжалуу уюштурулганын айтты. Окутуучу материалды жеткиликтүү жана так түшүндүргөндүгүн белгиледи.

Ошондой эле ачык сабакта коюлган максаттар аткарылгандыгы айтылып, студенттер корреляциялык анализдин негиздерин өздөштүрүп, формулаларды колдоно алгандыгын белгиледи. Берилген сунуш-пикирлер мындан аркы ишмердүүлүктө эске алынуусун сунуштады.

**ТОКТОМ КЫЛЫНДЫ:**

4.1 КМИГД кафедрасынын ассистент-стажеру А. Р. Раимбердиева тарабынан «Интерактивдүү элементтер менен иштөө (анимация, кнопкалар, формалар)» темасындагы ачык лабораториялык сабак өткөрүлгөндүгү белгиленсин.

4.2. Колдонулган окутуунун ыкмалары кафедра ичинде тажрыйба алмашуу максатында сунушталсын.

4.3. Окутуучуга мындан ары дагы окутуунун сапатын жогорулатуу багытында иш алып баруу сунушталсын.

Төрага: Т.М. Жолдошов

Катчы: А.М. Мамадиярова